**Ч.Т. Сатыбалдиеванын "Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX к.аягы – XX к. башы) " деген темадагы 07.00.07- этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн талантанын жазылган диссертациясынын кол жазмасына**

# ПИКИР

Ч.Т. Сатыбалдиева изилдеген салттуу кыргыз килем токуу кол өнөрчүлүгүн өз алдынча материалдык маданияттын бир бөлүгү катары калыптанышын жана өнүгүшүн изилдөө актуалдуу болуп, учурда тыкыр изилдөөнү талап кылат. Анткени бул тема кыргыз этнология илиминде, алигиче, атайын изилдөөнүн объектиси боло элек.Бул тема кыргыз этнология илиминде эң алгачкы жолу изилденип жатат.

Бул илимий ишти изилдөөнүн илимий баалуулугу жогору. Алгачкы жолу кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү комплекстүү түрдө ар тараптан изилденген. Илимий ишти изилдөө учурунда, автор өзү килем токууга тикеден тике катышып, он беш жылга жакын убакыт ичинде ар жыл сайын этнографиялык талаа материалдарды жыйнап, негизинен этнологиялык талаа экспедициялык материалдардын негизинде жазылды. Чогулган талаа материалдарыдын көпчүлүгүн Фергана өрөөнүнүн түштүк батыш жана түштүк чыгыш жагында жашаган кыргыздардын килем токуу салттарынын негизинде изилденди.

Илимий иштин киришүү бөлүгүндө теманын актуалдуулугу берилип, максаты жана милдеттери так аныкталган, илимий жаңылыгы тизмектелип, коргоого алынып чыгуучу негизги Жоболору илимий түрдө терең көрсөтүлгөн.

Теманын изилдөө деңгээли, методологиялык ыкмалары, тарыхый булактары жана тарыхнаамасы терең жана ар тараптан ачылып көрсөтүлгөн. Бул жерде изилдөөчү тарабынан тарыхый булактарга, совет мезгилине чейин, совет мезгилиндеги, совет мезгилинен кийинки мезгилдерде жарык көргөн тарыхый адабияттарга жана чет өлкөлүк эмгектерге кенен жана маселени терең билген окумуштуу катары талдоо жүргүзгөн. Эмгектерге болгон анализ жана автордун баасы, анын ойлонгон жана терең окумуштуу катары калыптанып келе жаткандыгын далилдейт.

Илимий иштин баптары негизги структуралык жана логикалык ыраатуулук менен туура түзүлгөн. Кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүн изилдөөдө күткөн жыйынтыктарга жетүү үчүн иштин илимий-

теориялык жана методологиялык негиздери өзүнүн койгон максатын жана милдеттерин эң жакшы белгилеген жана аныктаган.

Автор XIX кылымдын аягында - XX кылымдын башында Ферганының түштүк батышында Чоң-Алай, Лейлек, Баткен, Ноокат өрөөнүндөрүндө жашаган кыргыздар мал чарбачылык жана дыйканчылык менен кесип кылгандан тышкары үй-шартында жөнөкөй куралдар менен эле кол өнөрчүлүктү да өнүктүрүшкөнүн жана бир катар жаңы көрүнүштөрдү көтөрүп чыкты. Кыргыздардын үй-бүлөнүн шартында жөнөкөй куралдар менен салттуу килемди токууну терең жана ар тараптан өздөштүрүшкөнүн бийик деңгээлде тастыктады. Автордун негизги ийгиликтерин бири Фергана өрөөнүнүндө килем токуу салты, өзгөчө ичкилик урууларында кеңири таркагандыгын жана бул килем токуучулук өнөрү кыргыздардын нукура өздөрүнө тиешелүү экенин далилдей алгандыгын өзгөчө белгилөө зарыл.

Автор салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүн изилдөө учурунда, эң биринчи ирээтте жүндү даярдоо, жүндү кыркуу мезгилине да ууз-кыз келиндер маани беришкенин, койдун жүнү өрлөп туташкан бойдон кыркылышына көзөмөл салышкандыгын, килем токуу үчүн жүн каражатынан жиптин түрлөрү жана жип даярдоонун салттуу ыкмаларына өзгөчө көңүл бурган. Кыргыздар килем токууга керектелүүчү келебе, түк, эриш, аркак жана жороп жиптерин чебердик менен жасашкандыгын далилдейт. Ч.Т.Сатыбалдиева уз-чеберлердин жиптерди ийрүү, чыйратуу жүрүмдөрүнө терең маани берип, жиптин сапаттуу текши ийрилгенде гана килем кооз чыгаарын белгилейт. Автор алгачкы жолу салттуу килем жана килем буюмдарынын токуу куралдарын даярдоо жана чеберчилигин карап чыгып, ага туура баа берген. Ушул күнгө чейин изилденбей келген салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүндөгү колдонулган куралдары болгон ийиктин, токмоктун, сабоолордун түрлөрүн жана жасоо ыкмаларын чеберчилик менен көрсөткөн. Автор тарабынан кыргыздардын үй шартында даярдалган жиптерди боёо үчүн табигый өсүмдүктөрдөн боёкторду алуу жана анын түрлөрүнүн даярдалышы, жүндү боёо сырларын билгендиги жана көркөм-кооздук, эстетикалык табитинин жогору экендигин аныктады.

Автор тарабынан килем токуу жүрүмүндөгү көрүнүштөр, андагы бай оюм-чийимдер кошуна жашаган башка түрк элдери менен болгон этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштары такталып, килем токуу жүрүмүндөгү пайда болгон, калыптанган жана ушул күнгө чейин жеткен айрым каада-салттар жана ырым-жырымдар кошо изилденди. Автордун жетишкендиктеринин бири, ал кыргыздардын салттуу килем токуу мезгилиндеги кыздарды социалдаштыруу, келечекте турмуш-тиричиликке даярдоо, жөндөмдүү, сарамжалдуу жана иш билги жаш жубай болууга улуу

апа-эжелердин берген багыт–кеңештерин ар тараптан изилдегендигинде. Салттуу килем токуу жүрүмү, жалаң гана материалдык жана руханий байлыкты жаратуунун мезгили гана эмес, ал эмгек аркылуу жаш кыздарды этностук салттуу тарбиялоонун ишенимдүү жолу болгондугун, автор ар тараптан жана терең билгичтик менен далилдей алган. Бул автордун жеңиши деп эсептесек болот.

Изилдөөнүн бардык параграфтарынын аягында калыптанган окумуштуу катары туура жана жаңы корутундулар берилип, сапаттуу жыйынтыкталган. Иштин Корутунду бөлүмүндө жалпы илимий жыйынтыктар берилип, азыркы коомго ылайыктуу тиешелүү сунуштар көрсөтүлгөн.

Диссертациялык изилдөө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациядык комиссиянын койгон талаптарын терең эске алуу менен аткарылган.

Ч.Т. Сатыбалдиеванын “Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX к.аягы – XX к. башы) “ деген темадагы диссертациялык ишинин кол жазмасы Диссертациялык кеңештин жыйынында талдоого жана ачык коргоого сунуштайм, ошону менен бирге автор илимидин доктору болууга толук укуктуу деп эсептейм.

Илимий консультант,
КР УИАнын академиги,
профессор: А.Асанканов